**УДК: 371.036**
**DOI 10.33514/1694-7851-2024-3/2-188-194**

**Турусбекова А.Э.**
педагогика илимдеринин кандидаты, доцент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
turusbekova1960@gmail.com
**Сейдекулова К.С.**
педагогика илимдеринин кандидаты, доцент
И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
Kulsunseydekulova@ mail.ru

## БАЛДАРГА ЭСТЕТИКАЛЫК ТАРБИЯ БЕРҮҮДӨ ҮЙ БҮЛӨНҮН ОРДУ

**Аннотация:** Макалада балдарга эстетикалык тарбия берүүнүн мааниси жөнүндө, ошондой эле эстетикалык тарбия берүүдө ата-энелерге үй бүлөөдө кандай иш-аракеттер жана жолдорду колдонсо боло тургандыгы жөнүндө ойлор катылган. Эстетикалык тарбияны жаш кезинен уй булөөдө кандайча калыптандырууга боло тургандыгы карата сунуштар айтылган. Жаштарды ар тараптан өнүккөн, билимдүү, илимдүү, маданияттуу адам кылып тарбиялоо азыркы күндүн негизги талабы. Элдик педагогикадагы акыл-ой, турмушу, чарбасы, үй-бүлөсү улуттук эстетикалык тарбия менен тыгыз байланышта өсүп-өнүгүп, муундан-муунга берилип отурган. Кыргыздарда эстетикалык маданият, эстетикалык табит кыргыз элинде өтө жогору бааланган. Эгерде элдин, улуттун жашоосуна педагогикалык жактан үй-бүлөлүк тарбияга баа берсек элдин карым-катнашы, баалуулугу, эстетикалык маданияты жогору болгон жаш муунду тарбиялоо жана үйрөтүү тыгыз байланыштуу болгонун байкайбыз.

**Негизги сөздөр:** убакыт, эс алуу, жаратылыш, улуттук тарбия, телефон, билимдулук, инсан, театр, мамиле, журум-турум маданияты, эстетика, тарбия, мурас, үй бүлө, ата-эне, сулуулук, жаратылыш, музыка.

**Турусбекова А.Э.**
кандидат педагогических наук, доцент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
turusbekova1960@gmail.com
**Сейдекулова К.С.**
кандидат педагогических наук, доцент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
Kulsunseydekulova@ mail.ru

## РОЛЬ СЕМЬИ В ЭСТЕТИЧЕСКОМ ВОСПИТАНИИ ДЕТЕЙ

**Аннотация:** В статье содержатся представления о значении эстетического воспитания детей, а также о том, какие действия и способы могут использовать родители в эстетическом

воспитании в семье. Даны рекомендации о том, как можно сформировать эстетическое воспитание в молодом возрасте. Воспитать молодежь так, чтобы она стала развитыми, образованными, знающими и культурными людьми, является главной потребностью сегодняшнего дня. Мысль, быт, хозяйство и семья в народной педагогике росли и развивались в тесной связи с народным эстетическим воспитанием и передавались из поколения в поколение. В кыргызском народе высоко ценится эстетическая культура и эстетический вкус. Если оценить жизнь народа и нации с педагогической точки зрения семейного воспитания, то можно заметить, что воспитание и воспитание молодого поколения с высоким уровнем общественных отношений, ценностей и эстетической культуры тесно связаны между собой.

**Ключевые слова:** время, отдых, природа, традиционное воспитание, телефон, образованность, личность, театр, отношения, культура поведения, эстетика, образование, наследие, семья, родители, красота, природа, музыка.

**Turusbekova A.E.**
candidate of pedagogical sciences, associate professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
turusbekova1960@gmail.com
**Seidekulova K.S.**
candidate of pedagogical sciences, associate professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
Kulsunseydekulova@ mail.ru

## THE ROLE OF THE FAMILY IN THE AESTHETIC EDUCATION OF CHILDREN

**Abstract:** The article contains ideas about the importance of aesthetic education of children, as well as what actions and methods parents can use in aesthetic education in the family. Recommendations are given on how aesthetic education can be formed at a young age. To educate the youth so that they become developed, educated, knowledgeable and cultured people is the main need of today. Thought, life, economy and family in folk pedagogy grew and developed in close connection with folk aesthetic education and were passed on from generation to generation. The Kyrgyz people highly value aesthetic culture and aesthetic taste. If we evaluate the life of the people and the nation from the pedagogical point of view of family education, we can see that the upbringing and education of the younger generation with a high level of social relations, values and aesthetic culture are closely related.

**Keywords**: time, rest, nature, traditional upbringing, telephone, education, personality, theater, relationships, culture of behavior, aesthetics, education, heritage, family, parents, beauty, nature, music.

Ата-бабалардын улуу мурастарын жаштарды тарбиялоо ишинде пайдаланып, улуттук баалуулуктарды баалай билген жана аны өздөштүрүп, чыгармачылык менен өркүндөтүп кийинки муундарга жеткире ала турган, ар тараптан өнүккөн билимдүү инсанды тарбиялоо–бүгүнкү күндүн негизги маселелеринин бири.

Билимдүү жаштар – элдин тагдыры, эртеңи, келечеги. Жаш муундарга татыктуу билим, тарбия берүү улуттук жана мамлекеттик мааниге ээ. Бүгүнкү күндө жаштарга ар тараптуу, заманбап билим-тарбия берүү – мезгил талабы. Мына ошол заманбап жашоодо эң керек болгон билимдин бир – эстетикалык билим болуп саналат. Жаштардын эстетикалык маданиятын калыптандыруунун негизи эстетикалык тарбия берүүдөн башталат. Ал эми тарбиянын башаты үй бүлөдө жатат.Эстетикалык тарбия – адамгерчилик, адеп-ахлак жана эмгек тарбиясынын байланышын багындырып турат. Адептүүлүк тарбиясы адам баласына керектүү оң сапаттарды калыптандырууга багытталса, эмгек тарбиясы ошол адамдын жашоо-тиричилигин камсыз кылуучу иш-аракеттерге багытталат. Ал эми эстетикалык тарбия адамдарга тиешелүү иш-аракеттердин сулуулугун, кооздугун, тазалыгын, аяр болууга тарбиялоону кам азыркысыз кылуучу негизги жер үй бүлө экендигин тастыктайт. Балага тарбияны кичинекей кезинен баштап берүү керек. “Кыргыз элинин маданий дөөлөттөрүнүн негизинде мектепке чейинки балдарга тарбия берүү”- деген макалада, балдар биздин келечегибиз катары аларга кичинекей кезинен баштап кам көрүү жана келечекте коом үчүн керек болгон, татыктуу, турмуштан ордун тапкан, ар кандай кыйынчылыктарды өз алдынча чечүүгө жөндөмдүү болгон өспүрүмдөрдү тарбиялоо негизги максаттарыбыздын бири болуп саналат»- деп айтылат. [13,с.306].

Элге билим берүүнүн азыркы документтеринде: окуучулардын көркөм билимин жана эстетикалык тарбиясын олуттуу жакшыртуу жагы баса белгиленген «Эстетика» – дегенди көркөмдүк, кооздук, сулуулук, ажайып, сонун, көз жоосун алган жакшы нерселер деп түшүнөбүз.Эстетика – ар тарптуу тарбиянын составдуу бир бөлүгү. Ал саясий-идеялык, нравалык, эмгектик жана дене тарбиялары менен катарлаш коюлат. Жаш улан-кыздардын ар тараптан өсүшүнө жардам берет. “Сулуулук –таза адеп-ахлактын, эмгек жана күч-кубатты өнүктүрүүнүн булагы болуп саналат”- деген Сухомлинский В.А. [9,с.387]. Биздин акыл-эстүү, күч-кубаттуу, нравалык жагынан таза, сергек уул- кыздарыбыз эстетикалык билиминин төмөн болушу, алардын ар тараптан шайкеш өсүшүн камсыздалбаган болот. Ошондуктан мектепте болсун, үйдө болсун балага эстетикалык тарбия берүүгө белгилүү милдеттер жүктөлөт. Бул жөнүндө мектеп реформасында мындай деп жазылган:«Кооздукту сезе билүүнү өстүрүү, жогорку эстетикалык табитти тарбиялоо, искусство чыгармаларын, тарых жана архитектура эстеликтерин, туулган жердин ажайып кооздугун жана байлыгын туура түшүнүп, баалай билүүсүн калыптандыруу зарыл». Мына ушулардын өзү эстетиканын негизги милдеттери болуп эсептелет. Эстетикалык тарбиянын мындай милдеттерин жүзөгө ашыруу менен ата-эне өзүнүн үй-бүлө мүчөлөрүн чөйрөсүндө бактылуу, көңүлдүү болушуна жетишүү зарыл. Анткени үйдө болсун, коомдо болсун көп нерсе көнүлгө байланыштуу. Ошонун ичинде жаратуу да, сапат да, кайра куруу, тезделүү да, көркөмдүк, сулуулук да көңүлгө көз каранды. Ошондуктан аны ар бир ата-эне эске алуулары зарыл. Бирок үй-бүлө мектеп эмес, ата-эне атайы даярдалган адис тарбиячы-мугалим эмес. Алар мугалимдерге окшоп үйдө сабак өтүшпөйт, класс жетекчиге окшоп тарбиялык сааттын планын түзүшпөйт жана аны уюштуруп өткөрүшпөйт. Ошондой болсо да ата-эне тарбиянын ар бир түрүнөн түшүнүгү бар. Табийгый тарбиячы катары алар тарбиянын ар бирине, ошонун ичинде эстетикалык тарбияга да түз же кыйыр формада катыша алат. Ошондуктан тарбиянын бул же тигил түрүнө коюлган айрым талаптарды, анын ийгилиги жана мүчүлүш жактарын ата-энелер да билип, андан кабар алып турушу зарыл. Мисалы эстетикалык тарбия жагынан кетирилген айрым кемчиликтерге каршы күрөштү бала инсан катары калыптанып: «Мага ушул жагат»,— «бул жакпайт» — деп, өзүнүн туура эмес ой-пикирин, көз карашын тууралыкка чыгарып,

улуулар менен белгилүү деңгээлде таймашып калган кезде жүргүзүү өтө кыйын. Анан качан? Баланы деги качантадан баштап тарбиялоого болот? – деген суроого бир акылман адам: «Баланы бешикте бөлөнүп жаткан кезден баштап тарбиялагыла» жооп берген экен. Үй бүлөдө энелер кыздардын кийинип жүрүүсүнө өзгөчө мамиле жасап ар дайым карап туруусу зарыл. Кымбат кийимге караганда жарашыктуу кийим чоң мааниге ээ экендигин жеткире билиш керек. Колдонулбай модадан чыгып калган кийимдерди кошумча жасалгалоолор менен эң сонун кийим катары колдонсо боло тургандыгын биргелешип жасап көрсөтсө болот. Кол телефондорун пайдалуу нукка буруп ал жактан эстетикалык мааниси бар жасалгаларды колдоно билүүгө багыт бериңиз. Чындыгында да үй-бүлөдө балага эстетикалык тарбия берүүдө ата-эненин баамчылдыгы, байкагычтыгы, жакшы менен жаманга сергек мамилеси керек. Ошондуктан ата-энелер кайдигер болбостон, өз балдарын чыныгы жана жалган сулуулукту ажырата билүүгө тарбиялоолору зарыл. Мисалы үй-шартын, үй-жасалгасын эле алып көрөлү. Колдо болгон мүмкүнчүлүктөрдү, жасалгаларды, буюмдарды өз ордуна коюп, аларды өз учурунда пайдалана албаган ата-энелер да кездешпей койбойт. Мындай үй-бүлөдө керектүү буюмдар көрүнгөн жерде чачылып, эч качан өз ордунда турбайт. «Бул буюм кайда?» – деп издеп жүрбөй ар бир буюм ар дайым тыкандык менен өз ордунда турууга көндүрүү кекрек. Ошентип керектүү буюмун издеп жүрүп убакыттан уттуруп койгон эмгектин натыйжасы да, рахаты да, эстетикасы да канчалык болмок эле. Же болбосо, тескерисинче, үй ичине көрүнгөн нерселерди иле берсе, керектүү, керексизине, жагымдуу, жагымсызына, жарашыктуу, жарашыксыздыгына карабай босогодон төрге чейин, керегеден чамгаракка чейин дүнүйөнү жыйса, ошентип, дүнүйөнүн кулу болуп, анын алдында биротоло туткундалып калса, андай адам өзүндө да, өзгөдө да эстетикалык табитти тарбиялай албайт. Ошентип бул жасалма гана кооздук болуп эсептелип, жаштардын рухий байлыгын арттырууга көмөк көрсөтө албайт. Чыныгы эстетика, жагымдуу жакшы сезим, үмүт – эмгекте деп айтсак жаңылышпайбыз.Сухомлинский В.А. эргүү менен төмөндөгүдөй деп жазган: « Адам жаныбарлар дүйнөсүнөн эмгек куралдарын жасоо менен эле жөндөмдүү болуп калган эмес, алар көк асмандын тереңдигин,жымыңдаган жылдыздарды, кечки жана таңкы кызгылт күн нурларын, кыйыры жок талааларды, асмандагы турналардын тизмегин, жамгырдын жебелерин, байчечекейлердин ачылганын көрүп маашырланып – жаңы сулуулукту жарата баштаган» -.деп жазган. [9,с.189]. Сиз, өз алдыңызга тарбиянын кайсы түрүн максат кылып койсоңуз да анын башталмасы – эмгек. Эгер мектептеги мугалимдер, үйдөгү ата-энелер жана балдар бош убактыларында биргелешип коомдук пайдалуу эмгекке катышса, ошондон чон ырахат алышат, ошондон эң сонун эстетика жаралат. Бош убакыттарында ата-эне балдары менен чогуу болгону дурус. Дем алуу күндөрү, каникулдарда, жайкы эс алуу мезгилинде ата-эне менен баланын бирге болушу, жаратылышка саякат жасашы, эс алышы абзел. Мындай учурда бала элди, жерди, өздү жана өзгөнү көрүп, улуулардын үлгүлүү жүрүш-туруштарынан, өрнөктүү иштеринен таалим-тарбия алышып, өздөрү да тартиптешип, чөйрөгө сергек карап, көңүлдөрү куунак боло башташат. Балдар адамдардын карым-катнаш, мамиле өлчөмдөрүнөн маалымат алышат. «Адамдын көркү бөз, көңүлү – эки ооз сөз» дегендей, эки ооз жылуу сөз менен адамдардын көңүлүн эргитүүгө, маданияттуу, сылык-сыпаа болууга, анын этикасын сактоого үйрөнүшөт. Албетте, бул жерде биз обочолонгон, бөлүнүп жарылган үй-бүлөнү эмес, коллективдүү бир чоң үй-бүлөнү көз алдыда тутуп жатабыз. Сөз жайкы эс алуу жана эмгек лагерлеринде, экспедицияларда, дем алуу үйлөрүндө, узак мөөнөттүк саякаттарда жана башка жерлерде чогуу эс алуунун, чогуу иштөөнүн мааниси жөнүндө болуп жатат. Ошондуктан, баланы, айрыкча аны жаратылыштын кооздугун сезүүгө тарбиялоону көздөгөн долбоорлор,

жергиликтүү уюмдар, ошондой эле ата-энелер колдо болгон мүмкүнчүлүктөрдү, атап айтканда ачык асмандын астында, табийгый шартта бала өзү сүйгөн, жакшы көргөн адамдары менен чогуу эс алуу мүмкүнчүлүктөрүн кенири масштабда, массалык формада жайылтса жакшы болор эле. Анткени биздин милдетибиз, чындык турмушка карай уул-кыздарыбыздын эстетикалык мамилесин калыптоо, эстетикалык билимин өстүрүү, көркөмдүк табитин, чыгармачылык жөндөмүн тарбиялоо.Жаратылыштын өзү эстетиканын булагы болуп эсептелет. Жаратылыш баланын бардык психикалык касиетин, ошонун ичинде көркөмдүк табитин тарбиялоонун булагы. Баардыгы, ошонун ичинде жаш балдар да жаратылыштан таалим алат, таасирденет, тарбияланат. Жаратылыш музыканттын кулагын, сүрөтчүнүн — көзүн, жазуучунун – кыялын, патриоттун – сезимин, жөнөкөй адамдын – өзүн тарбиялайт. Жаратылыштын тарбиялоочу күчү зор. Ошондуктан жаратылышты коргоо, анын сулуулугун табийгый шартта кандай болсо, дал ошондой сактоо адамдардын ыйык милдети. Ал милдет Конституцияда закон жүзүндө бекемделип турат. Ошондуктан көпчүлүк ата-энелер балдарын гүлдү өсүп турган жеринен үзбөй, тебелеп-тепсебей, алардын ажайып кооздугуна, сулуулугуна суктанып ырахат ала билүүгө үйрөтүшөт. Кээ бирөөлөрдүн балдары ойдонбу, тоодонбу, талааданбы, үйдөнбү айтор гүл көрсө болду аны жулуп, тамыры менен омкоруп алууга ашыгышат. Мисалы жоогазын гүлүн жаз алды менен эле түбү менен казып алып олтуруп, жергебизде ал ажайып гүл сейрек тартып, азайып баратканын, анын ар бир түбүн коргоо керектигин ата-эне балдарга түшүндүрүшү керек. Чындыгында да баланын жаратылышка, жан-жаныбарларга сергектик жана сүймөнчүлүк менен мамиле жасоо сезими үй-бүлөдөн башталат. Көркөмдүктүн, сулуулуктун алгачкы алиппесине үйрөтүүчүлөр ушул ата-энелер болушат. Ошондуктан алардын алдында жаратылышты, анын кооздугун коргоо боюнча зор милдеттер жүктөлөт. Жаратылышты бейчеки бүлдүргөндөн сактоого тарбиялоо керек. Дүйнөнүн сонундарына карай китеп аркылуу, же искусствонун башка каражаттарынын жардамы менен саякат жасоонун ролун эч нерсе менен алмаштырууга болбойт. «Искусствону – турмуштун окуу китеби» – дешет элибизде. Көркөм сүрөт, театр, кино искусстволору эл турмушун терең чагылдырат. Алар балдардын сезимин ойготуп, пикирине багыт берип, көркөмдүк табитин тарбиялайт. Буга үйдөгү сыналгыдан, үналгыдан музыка угуусу, улгайган үй-бүлө мүчөлөрүнүн обон салып, ыр ырдаганы чоң таасир этет. «Балага оюн кандай керек болсо, музыка да ошондой эле керектигин айткан» -В. А. Сухомлинский. Демек көпчүлүк энелердин «Бешик ырын» ырдап калышына, баланын өзүнө тааныш үнгө, добушка, ырга, күүгө карай жагымдуу жооп чыгарышы себепчи болгон окшойт. Ата бабаларыбызда баланы уктатарда эне дайым обон салат, ыр ырдаган. Ошо эне добшунун таасири астында бала көшүлүп, уйкуга тез кетет. Же болбосо, үй ичин жыйнаштырып жаткан айрым уул-кыздарыбыз жагымдуу музыканы коюп алышып, анын коштоосу астында иштешет, себеби музыканын коштоосу астында иштөө алар үчүн жеңил жана көңүлдүү болот окшобойбу. Бирок айрым ата-энелер жумуштан чарчап келгендиктенби, же нерв системасынын начарлыгынанбы, айтор үйгө баш багары менен «...музыканы өчүр» – деп буйрук берет. Ошентип уул-кыздарынын музыка угуусуна, сыналгыны көрүүсүнө уруксат бербейт. Бул, албетте туура эмес. Баланын жакшы ниетине, ынтызарлыгына, аракетине эркиндик берип, анын көркөмдүк жактан өсүшүнө шарт түзүү керек. Сыналгыдан көргөндөр жөнүндө, албетте үй-бүлө чөйрөсүндө сөз болушу, талкуу жүрүшү да ыктымал. Буга, мүмкүн болушунча ата-эне да катышып, алардын элестүү, керектүү учурларын түз мааниде да, кыйыр түрдө да, каймана мааниде да белгилей кетүүсү маанилүү. Акылга , сезимге көп таасир тийгизген берүүлөрдү бирге көрүп, аны балдар менен бирге талкуулап, алардын ойлорун туура багытка

буруу керек. Ата-эненин билимдүүлүгү, тажрыйбалуулугу, тактикалуулугу да ушундай талкуу учурда байкалат. Эгер шарт туура келбесе, эң кызыктуудан да баш тартууга туура келет. Тарбиянын маңызы мына ушунда. Керек болгондо эн кызыктуудан да, эң зарылдан да баш тарта билүү. Бирок муну атайылап жасоого болбойт. Ынтызарлуу балдардын жолуна бөгөт болуу жарабайт. Биз бүгүнкү күндүн жыргалына балдар менен чогуу, алар менен бирдикте ырахаттанууга тийишпиз. Бүгүнкү күндөгү турмуштун ажарын, жыргалын, жетишкендиктерин алардын алдында кең пейилдүүлүк менен ачып берүү биздин милдетибиз. Анткени эстетиканын каражаттары биздин уул-кыздардын акылына – акыл кошот, күчүнө – күч кошот, келбетин – келишимдүү, кийгенин – жарашыктуу кылат. Өз боюна төп каратып, башкалардан артта калтырбайт. Өз боюна төп карап, жарашыктуу кийинип, өзүн жайдары алып жүрүүнүн эстетикалык жактан мааниси чоң. Антпесе, замандаштар менен катарлаш кадам шилтелбесе, баш көтөрбөй түнт жүрсө, анда жашоода ар кандай кыйынчылыктарга туш болушу ыктымал. Өз үйүндө жүдөмүш, түнт жүргөн уул-кыз башкаларды да жүдөтпөй койбойт. Ошондуктан азыркы кайра куруунун негизи инсандын керт башына, анын билимдүүлүгүнө, жүрүш-турушунун маданияттуулугуна, башкаларга жасаган мамиле өлчөмүнүн, жекече турмушунун эстетикасына жараша болот. Балдардын жан дүйнөсүнө эстетикалык маданиятты жеткирүү боюнча Лихачев Б.Т. мындай деп жазган: «Бардык балдардын жан дүйнөсүнө сулуулукту жеткирүү, илимдеги, жаратылыштагы, аларды адам жашоосунун көп кырдылуугун ача билүүгө, маданиятты түшүнүп жана баалай билүүгө тарбиялоо эстетикалык тарбиянын негизги милдеттеринин бири болуп саналат. Эстетикалык мамиле окуучулардын күнүмдүк мектептеги жана мектептен сырткаркы жашоосуна «сиңип» калышы керек» -деген. [10, с.304].

Балдардын эстетикалык тарбияланышына ата-эненин жүрүш-турушу, кийген кийим-кечеси, кызыгуулары чон таасир тийгизет. Эгерде ата-эне сулуулукка умтулса, искусство, театрды жакшы көрбөсө, эчтекеге кызыкпаса бала аларга окшош болуп чоңоёт.

Замандын өзгөрүшү менен тарбия да өзгөрүүгө туш болуп жаткан мезгил. Бүгүнкү күнү биз балдарды чөнтөк телефондорун туура пайдалана билүүгө тарбиялашыбыз керек. Аларды телефондорго байланып аны кулу болбой, тескеризинче бизге кызмат кылганга үйрөтүшүбүз керек. Телефон менен туура сүйлөшүү, жагдайды тандай билүү, жолтоо болбой тескерисинче билимин өркүндөтүүгө багыттай билүү да чоң тарбия. Ирээти, сааты менен туура колдонууга тарбиялоо үй бүлөөнүн милдети. Жыйынтыктап айтканда, баланы үй-бүлөдө эстетикага тарбиялоо маселеси көп кырдуу, терең сырдуу маселе. Биз бул чоң маселенин айрым учурларына гана кыскача токтолуп өттүк. Анын баардык суроосуна жооп берүүдөн алыспыз. Бул маселе боюнча «анткиле», «тигинткиле» деп рецепт бере албайбыз. Ошондуктан балдарга эстетика боюнча тарбия берүүнүн даражасы ар бир ата-эненин ак ниетине, ыкласына, шык-талантына, аракетине жараша боло тургандыгын тек гана эскерте кетмекчибиз.Баланын үй бүлөөдөн алган эстетикалык тарбиясы баланын бүт жашоосунда коштоп жүрөрүн эстен чыгарбашыбыз керек.

**Пайдаланган адабияттардын тизмеси**

1. Асипова Н.А. Актуальная кросскулах процессов и этнопедогогическое оброзования. – М, 2003.
2. Кыргыз Республикасынын “Билим тууралуу” мыйзамы. – Бишкек, 1992.
3. Кыргыз Республикасынын мектеп окуучуларын тарбиялоо концепциясы. – Бишкек, 2002.

4. Кыргыз Республикасынын маданиятын жана искусствосун өнүктүрүү программасы. – 1992.
5. Кыргыздын элдик искусствосу. Кийизден жасалган буюмдар, кездемелер, саймалар. – Ф.: Кыргызстан, 1971. – 108 б.
6. Кыргыздын элдик кийимдери. – Анкара, 2004. – 73 с.
7. Эстетическое воспитание студентов. – М., 1973. – 182 с.
8. Комарова Т.С. Школа эстетического воспитания: практическое пособие / Т.С. Комарова. – М.: Мозаика-Синтез, 2002. – 352 с.
9. Сухомлинский В.А. Избранное произведения 5томах, Киев, 1980г.Т4, с 189,387.
10. Лихачев Д.Б. Теория эстетического воспитания школьников. – М.: Педагогика, 2002. – 183.
11. Лихачев Б.Т. Теория коммунистического воспитания. – М.: Педагогика, 1974. – С. 304).
12. Песталоцци И.Г., Эстетическое воспитание. Сущность. Формы. Методы. – М., 1969. – 343 с. 4.
13. Кыргыз элинин маданий дөөлөттөрүнүн негизинде мектепке чейинки балдарга тарбия берүү. И. Арабаев атындагы кыргыз мамлекеттик университетинин жарчысы. Бишкек – 2014. 306-308 бб.


**Рецензент: педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Рахимова Ж.Т.**